**БУЙРУК** **ПРИКАЗ**

| | | |
|---|---|---|
| "14" 09 2022-жыл. | Майлуу-Суу шаардык ички иштер бөлүмү | № 338 |
| "08" 09 2022-жыл. | Майлуу-Суу шаардык билим берүү бөлүмү | № 63 |
| "15" 09 2022-жыл. | Майлуу-Суу шаардык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгы | № 53 |
| "15" 09 2022-жыл. | Майлуу-Суу шаардык аскер комиссариаты | № 26 |
| "15" 09 2022-жыл. | Майлуу-Суу шаардык жалпы дарыгерлер практикалык борбору | № 119 |
| "15" 09 2022-жыл. | Майлуу-Суу шаардык дене-тарбия жана жаштар иштери боюнча бөлүмү | № 13 |
| "15" 09 2022-жыл. | Майлуу-Суу шаардык өзгөчө кырдаалдар бөлүмү | № 15 |

## Майлуу-Суу шаарында 2022-2023- окуу жылына карата жалпы билим берүү мекемелеринин окуучулары жана балдар арасында укук бузуулардын алдын алуу боюнча ведомстволор аралык өз-ара кызматташуу иш-чараларды өркүндөтүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 5-майындагы "Кыргыз республикасындагы укук бузууларды алдын алуу жөнүндө" №60 сандуу Мыйзамын талаптарын жана билим берүү мекемелеринин окуучуларынын, ошондой эле жалпы областын аймагындагы, жаштардын арасында укук бузуулардын алдын алууда Майлуу-Суу шаардык ички иштер бөлүмү, билим берүү бөлүмү, Саламаттыкты сактоо, Эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгы жана дене-тарбия жана жаштар иштери боюнча бөлүмдөрү менен биргелешип иш алып баруусун уюштуруу жана Жалал-Абад ОИИБнын 25.08.2022-жылдагы № 492 сандуу биргелешкен буйрукту аткаруу максатында **буйрук кылабыз;**

1. 2022-2023-окуу жылына Майлуу-Суу шаарынын жалпы билим берүү мекемелеринин окуучуларынын жана балдар арасында укук бузуулардын жана кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча иш-чаралардын биргелешкен иш мерчеми бекитилсин жана мерчемде каралган иш-чаралардын натыйжалуу аткарылышы боюнча чаралар көрүлсүн.

2. Шаардын аймагындагы тиешелүү мекемелер тарабынан ушул буйруктун аткарылышын уюштуруу боюнча жоопкерчилик шаардык ички иштер бөлүмү, Билим берүү бөлүмү, Саламаттыкты сактоо, Эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгы жана дене-тарбия жана жаштар иштери боюнча бөлүмдөрүнүн жетекчилерине жүктөлсүн.
3. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүбүзгө калтырылсын.

**Майлуу-Суу шаардык ички иштер бөлүмүнүн начальниги милициянын майору** — **Сабырканов Т.А.**

**Майлуу-Суу шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысы** — **Караева Д.**

**Майлуу-Суу шаардык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгынын башчысы** — **Сагындыкова А.**

**Майлуу-Суу шаардык аскер комиссариатынын аскер комиссары майор** — **Осмонов А.**

**Майлуу-Суу шаардык жалпы дарыгерлер практикалык борборунун директору** — **Докбаев Т.**

**Майлуу-Суу шаардык дене-тарбия жана жаштар иштери боюнча бөлүмүнүн башчысы** — **Мисиров М.**

**Өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн башчысы капитан** — **Нурбаев К.**

БЕКИТЕМИН

ШБББнүн башчысы ____________

Д.И.Караева

“ 08 ” 09 2022-жыл

**Майлуу-Суу шаардык билим берүү бөлүмүнүн 2022-2023-окуу жылдарында балдар арасындагы укук бузууларды, кылмыштуулукту алдын алуу боюнча ведомстволор аралык иш –планы**

| № | Иш-чаралар | Аткаруу мөөнөтү | Жооптуу аткаруучулар | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Билим берүү мекемелеринин окуучуларынын арасында укук бузууларды алдын алуу максатында окуу жайлардын администрацияларынын өкүлдөрүнөн, педагогикалык жамааттын мүчөлөрүнөн, ЖИИ тескөөчүлөрүнөн, педагог-тарбиячылардан, коомчулук өкүлдөрүнөн, ата-энелерден, жогорку класстардын окуучуларынан жана ата-энелер комитетинин мүчөлөрүнөн турган мектептин Алдын алуу кеңештерин түзүү. | сентябрь 2022-ж | Социалдык педагог | |
| 2. | Мектеп окуучуларынын арасында кылмыштардын жана укук бузууга жөндөмдүү шарттарын, себептерин табуу менен билим берүү уюмдарында алдын алуу иштеринин абалын иликтөө жана талдоо, ушунун негизинде аларды жоюу боюнча иш алып баруу. | сентябрь 2022-ж. | Жашы жете электер менен иштөө инспекторлору, социалдык педагогдор, үй-бүлө жана балдарды коргоо бөлүмү менен биргеликте | |
| 3. | Билим берүү уюмдарынын окуучулары арасында опузалоо, топтошуп мушташуу жана балдарга карата зомбулук көрсөтүү фактыларына бөгөт коюу, алдын алуу боюнча иш алып баруу | сентябрь-октябрь 2022-ж. | Балдарды коргоо бөлүмү, Жашы жете электер менен иштөө инспектору, социалдык педагогдор менен биргеликте | |
| 4. | Жаңжалдар (конфликт) болуучу жалпы билим берүүчү уюмдардын карта-схемасын түзүү | сентябрь 2022-ж. | ШБББмү, ШЭСӨБгы ШИИБмү менен | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | биргеликте | |
| 5. | Балдар иштери боюнча кызыкдар мамлекеттик органдар, өкмөттүк эмес уюмдар менен биргеликте “Балдар арасындагы укук бузууну алдын алып, тарбия иштерин уюштуруу” маселелери боюнча алдынкы тажрыйбаларды өнүктүрүү максатында видео-семинар, тегерек стол, көйгөйлүү маселелерди талкуулоо иш – чараларын уюштуруу. | Жыл ичинде | Жашы жете электер менен иштөө инспектору, социалдык педагогдор менен биргеликте | |
| 6. | Билим берүү уюмдарынын окуучуларынын жана жаштардын арасында тарбия, алдын-алуу жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүү үчүн укуктук билимдерин жогорулатуу жана мыйзамды угуу жүрүм-турумун калыптандыруу:<br>- мектептик «Алдын алуу бөлмөсүн» түзүү;<br>- аскердик-патриоттук темада дубал гезит чыгарууну уюштуруу;<br>- укуктук жана аскердик-патриоттук темада, ошондой эле сергек жашоо образынын маселеси боюнча олимпиадаларды, сынактарды, викториналарды өткөрүү;<br>- жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте жаштардын жана жашы жетпегендердин аң-сезимине оң таасирин тийгизген патриоттук фильмдерди көрсөтүү менен жалпы-маданий жана аскердик-патриоттук иш-чараларды уюуштуруу. | сентябрь-октябрь 2022-ж. | Уюштуруучулар, социалдык педагогдор, дене тарбия ,АЧД мугалимдери | |
| 7. | Коомдук жана бей өкмөт уюмдардын көмөгүнүн алдында жаштардын жана окуучулардын арасындагы жаңжалдарды, өзгөчө «тобокел тобундагы», мектеп ичинде каттоодо турган жана ынтымагы жок үй-бүлөлөрдүн балдары менен тарбиялык-алдын алуу иштерин жөнгө салуу, алдын алуу боюнча ишмердикке «социалдык педагогдорду» тартуу. | 2022-2023-окуу жылынын ичинде | Билим берүү уюмдарынын жетекчилери | |
| 8. | Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин өкүлдөрүн тартуу менен жалпы билим берүү уюмдарында өзгөчө кырдаалдарды *(бөөдө кырсыктарды, өрт кырсыктарын, жаратылыш кырсыктарын)* алдын алуу боюнча сабактарды уюштуруу. | чейрек сайын | Класс жетекчилер, уюштуруучулар, ӨКМнүн кызматкерлери | |
| 9. | Мектеп окуучуларына, ИИОнун ЖИИде каттоодо турган балдарга тааныштыруу экскурсиясын уюштуруу, анын жүрүшүндө төмөнкүдөй иш-чараларды өткөрүү:<br>- жогорку жана орто атайын окуу жайларга, кесиптик лицейлерге экскурсия, келечекте кесип тандоо максатында ошол окуу жайлардын окуу процесстери | окуу жылынын ичинде | Класс жетекчилер, Уюштуруучулар,жашы жете электер менен иштөө инспекторлору | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | менен тааныштыруу;<br>- окуу жайларында таанышуу лекцияларын, аңгемелешүүлөрдү, студент жаштар менен биргеликте спорттук мелдештерди өткөрүү;<br>- жогорку жана орто атайын окуу жайлардын жетекчилери менен жолугушуу. | | | |
| 10. | «Ачык эшиктер күнү» иш-чарасынын алкагында Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин аскердик бөлүктөрүнө, Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын бөлүктөрүнө жаштарды жана билим берүү мекемелеринин окуучуларын алып баруу. | 2022-жылдын декабрь жана 2023-жылдын май айларында | Уюштуруучулар, класс жетекчилер | |
| 11. | Кароосуз жана көзөмөлсүз калган балдарды, ынтымагы жок үй-бүлөлөрдү табуу максатында билим берүү, саламаттыкты сактоо органдарынын *(эксперттик жардам)*, жаштар иштери боюнча аймактык бөлүмдөрдүн, балдардын иши боюнча комиссиянын, үй-бүлөнү жана балдарды колдоо бөлүмүнүн, коомчулуктун жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү менен биргеликте «Багуусуз бала», «Камкордук», «Өспүрүм» аттуу алдын алуу иш-чараларын өткөрүү. | ай сайын | Класс жетекчилер, социалдык педагогдор | |
| 12. | Укук бузуулар, андагы ата-энелердин жана балдардын өздөрүнүн жоопкерчилиги боюнча лекциялардын топтомун онлайн жана офлайн калыбында өтүү | Квартал сайын | Билим берүү уюмдарынын жетекчилери, класс жетекчилер, жашы жете электенр менен иштөө инспекторлору | |
| 13. | Компетенциянын чегинде катаал турмуштун кырдаалында, анын ичинен кыйын шартта эмгектенген, окубаган балдарды жана катаал турмуштун кырдаалындагы үй-бүлөлөрдү табуу боюнча чараларды көрүү. | чейрек сайын | Үй-бүлө жана балдарды коргоо бөлүмү, социалдык педагогдор, класс жетекчилер | |
| 14. | Зордук-зомбулуктан жабыркаган балдарды реабилитациялоого багытталган жеке алдын алуу иштерин уюштуруу. | ар дайым | Класс жетекчилер, социалдык педагогдор | |
| 15. | Кибербуллинг боюнча атайын сабактарды өтүү. Балдарга жана ата-энелерге байланыш каражаттарын колдонуу маданияты боюнча маалымат берүү | октябрь, февраль 2022-2023- окуу жылы | Билим берүү уюмдары | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 16. | 21-август 2006-ж. №175 «Кыргыз Республикасынын жарандарынын саламаттыгын тамекинин зыяндуу таасиринен коргоо жөнүндө», 13-октябрь 2009-жылдагы № 269 "Этил спиртин жана алкоголдук продукцияны өндүрүүнү жана жүгүртүүнү мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндө" жана «Наркотикалык каражаттар, психотроптук заттар жана прекурсорлор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын натыйжалуу аткарылышын камсыздоо. | 2022-2023-окуу жылынын ичинде | Класс жетекчилер, социалдык педагогдор, медайымдар | |
| 17. | Экстремизмдин коомдогу коркунучун, өзгөчө улуттар аралык, диндер аралык араздашуулардын коркунучтуулугун түшүндүрүү боюнча баардык типтеги билим берүү мекемелеринде класстык сааттарды өткөрүүнү уюштуруу. | окуу жылынын ичинде | Класс жетекчилер, социалдык педагогдор | |
| 18. | Өз өмүрүн кыюунун факторлорун таанып билүү боюнча социалдык багыт боюнча иш жүргүзгөн, психологдорду, өкмөттүк эмес (*атайын даярдыгы бар*) уюмдардын өкүлдөрүн жана башка адистерди окутуу жана окуучулар арасындагы өз өмүрүн кыюу белгилерин жана дистресс абалын аныктоо боюнча мектеп психологдорун окутуу үчүн семинар-тренингдерди өткөрүү. Ошондой эле балдардын жүрүм-турумунда өз өмүрүн кыюу белгилери байкалса, эффективдүү жана жеткиликтүү психолог-психиатрдын жардамын уюштуруу | окуу жылынын ичинде | Билим берүү уюмдарынын жетекчилери, социалдык педагогдор, үй-бүлө жана балдарды коргоо бөлүмү | |
| 19. | Балдар арасында катталган суицид, укук бузуу жана кылмыштуулук фактыларын текшерүү материалдарына талдоо жүргүзүү, аларга алып келген себептерди жана шарттарды аныктоо | катталган учурларда | ШИИБнүн кызматкерлерит | |
| 20. | Психоактивдүү заттарды колдонуучу окуучуларды аныктап, аларды "тобокел тобуна" киргизүү менен психокоррекциялык иштерди жүргүзүү | окуу жылынын ичинде | Жашы жете электер менен иштөө инспекторлору, социалдык педагогдор | |
| 21. | Балдарды жол-унаа кырсыктарынан алдын алуу үчүн жол кыймылынын эрежелерин пропагандалоо иш-чараларын, ЖКЖТ (ЮИДД) кошуунунун кароо-сынактарын, «Көңүл бургула балдар!» аталыштагы сынактарды өткөрүү. | квартал сайын | ЖККК нын кызматкерлери, уюштуруучулар, | |
| 22. | Жалпы билим берүү уюмдарынын арасында спорттун аскердик-колдонмо түрлөрү боюнча республикалык спартакиаданы өткөрүү. | апрель-май 2023-ж. | Аскер бөлүмүнүн кызматкерлери, АЧД мугалимдери | |
| 23. | Ички жана тышкы мигранттардын балдарын аныктоо боюнча тиешелүү иш-чараларды өткөрүү | ар дайым, макулдашылган иш- | ШЭСӨБ, социалдык педагогдор | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | ыраатттаманын негизинде | | |
| 24. | Жалпы билим берүү мекемелеринде балдар арасындагы алдын алууга багытталган, энергетикалык суусундуктар, насвай, тамеки тартуу, алкоголдук ичимдиктер жана баңги заттарын пайдалануу маселелери боюнча лекция, аңгемелешүүлөрдү уюштуруу | ар дайым | ШИИБмү, ШЭСӨБгы, ШБББмү жана медайымдар | |
| 25. | Жүрүм-туруму оор балдардын эс алуусун камсыз кылуу максатында жалпы-спорттук мелдештерди жана иш-чараларды уюштуруу | окуу жылынын ичинде | Дене тарбия мугалимдери | |
| 26. | ММК менен бирге атайын мезгилдүү программаларды уюштуруу менен абийирдүү окуучулардын иштерин даңазалоо | окуу жылынын ичинде | Билим берүү уюмдарынын жетекчилери | |
| 27. | “Абийирдүү” деп табылган окуучуларды жана алардын ата-энелерин сыйлоо *(сыйлоо иштерине мамлекеттик органдарды тартуу)* | май 2023-жыл | Билим берүү уюмдарынын жетекчилери | |
| 28. | Окуучуларга карата сексуалдык зомбулуктун жана кысымдын алдын алуу максатында маалымат материалдарын *(буклеттер, комикстер, стенддер, видеотасмалар, видео сабактар)* иш алып баруу | сентябрь 2023-жыл | Жашы жете электер менен иштөө инспекторлору, социалдык педагогдор | |
| 29. | Өткүлгөн иш –чаралар боюнча ШБББнө маалымат берүү | ай сайын | Социалдык педагогдор | |

Түзгөн Р.Ж.Акамбаева